**УДК 341.41.46**

**БЕЙШЕМБИЕВ Э.Ж., УРМАТОВА А.Д.**
*КНУ им. Ж. Баласагына*
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**BEISHEMBIEV E.ZH., URMATOVA A.D.**
*KNU J.Balasagyn*

# ЭЛ АРАЛЫК УЛУТТУК КЫЛМЫШТУУЛУКТУН НЕГИЗГИ ТҮРЛӨРҮ

## Основные виды транснациональной преступности
## Main types of transnational crime

***Аннотация:*** *Илимий макалада Эл аралык кылмыштуулуктун негизги түрлөрү каралган. Трансулуттук кылмыштуу уюмдар ар кандай укукка каршы иштерди же болбосо ишмердүүлүктү жүзөгө ашырышат. Трансулуттук кылмыштуулуктун түрлөрүнүн тизмеги бүгүнкү күндө ачык бойдон калууда, ошентсе да алардын айрымдары айрым улуттар үчүн да, бүткүл дүйнөлүк коомчулук үчүн да чоң коркунуч катары калууда. Илимий макалада авторлор трансулуттук кылмыштуулуктун жана ага каршы жүргүзүлүүчү иш-чаралардын түрлөрүн анализдешкен.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены основные виды международной преступности. Транснациональные преступные организации осуществляют разнообразную противоправную деятельность. Перечень видов транснациональной преступности остается открытым, тем не менее, некоторые из них представляют наибольшую опасность, как для отдельных наций, так и для всего мирового сообщества. В статье авторами проанализированы виды транснациональной преступности и меры по ее противодействию.*

***Abstract:*** *The article deals with the main types of transnational crime. Transnational criminal organizations carry out a variety of illegal activities. The list of types of transnational crime remains open, however, some of them pose the greatest danger, both for individual Nations and for the entire world community. In the article, the authors analyzed the types of transnational crime and measures to counter it.*

***Урунттуу сөздөр:*** *трансулуттук кылмыштуулук, террористтик ишмердүүлүк, ааламдашуу, мыйзам, тартип, каршы туруу.*

***Ключевые слова:*** *транснациональная преступность, террористическая деятельность, глобализация,закон, порядок, противодействие*

***Keywords:*** *transnational crime, terrorist activity, globalization, law, order, counteraction, world order*

Ааламдаштыруу процессиндеги бир нече өлкөлөрдөгү мыйзамдардын уламданулам ашыкча бузулушуна байланыштуу кылмыштуулуктун мүнөздүк сапаты өзгөртүлгөн.

Ошондой эле, эл аралык кылмыш укугу үчүн трансулуттук кылмыш түшүнүгү жаңы эмес жана 2000-жылдын 15-ноябрындагы [1] трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы Конвенциясында аныкталган, мында трансулуттук кылмыштын төмөнкүдөй белгилери көрсөтүлөт:

a) ал бирден ашык мамлекетте жасалган;

b) бир мамлекет тарабынан жасалган, бирок, аны даярдоонун, пландаштыруунун, жетекчилик кылуунун же контролдоонун олуттуу бөлүгү башка мамлекеттин ичинде пайда болгон;

c) ал бир мамлекетте, бирок, кылмыштуу ишмердүүлүгү бир мамлекеттен ашуун мамлекеттерде жүзөгө ашырылган уюшкан кылмыштуу топтун катышуусунда жасалса; же

d) ал бир мамлекетте жасалган, бирок анын олуттуу кесепеттери башка мамлекетте орун алган.

Трансулуттук кылмыштуулук – бул коомдук коркунучтуу (жазалоочу) кубулуш, кылмыштуу топтордун ишмердүүлүгүнүн (коомчулуктун), татаал структурасынын бар

экендигин, өзүнүн бир нече мамлекеттердин аймагындагы пайдаланган жагымдуу рыноктук конъюнктурасын алуу үчүн мыйзамсыз кирешелеринин жана үстөмдүк кирешелеринин бар экендигин билдирет [2]. Ошондой эле бүгүнкү күндө тилдин эл аралык мааниси да абдан актуалдуу маселелерден болуп саналат буга карата А.Д.Урматова өзүнүн илимий макаласында: «Тилдин эл аралык мааниси биринчи текстин кезекте негизиндеги негизги маани-мазмуну түшүнүктүү деңгээлде так даана айкалышуусу керек» деген өзүнүн пикирин билдирет [3]. Кайсы мамлекетте болбосун юридикалык тексттерде ар бир термин өзүнүн маанисин жоготпой сакташы керек, ошондой эле ага бериле турган аныктамалар да так болуусу зарыл. Ар бир терминге карата аныктама берүүдө колдонулуп жаткан маселеге карата терминдер так берилиши абдан маанилүү жагдайлардан болуп саналат.

Өзүнчө мамлекеттин улуттук мыйзамдарына же мамлекеттердин жосундарына ылайык эки жана андан көп мамлекеттердин кызыкчылыктарына зыян келтирген же зыян келтирүү алдындагы коркунучту жараткан эл аралык мүнөздөгү кылмыш, жазалана турган кылмыш-жазык катары эсептелет.

Ал эми БУУнун бир катар документтеринде трансулуттук кылмыштуулуктун негизги белгилери гана белгиленген [4] . БУУнун классификациясын жетекчиликке алып, С. И. Алексеев трансулуттук кылмыштарды 17 топко бөлөт [5]:

- акчанын изин жашыруу; терроризм; искусство чыгармаларын жана маданият предметтерин уурдоо; интеллектуалдык менчикти уурдоо; куралдарды мыйзамсыз сатуу;
- самолетторду уурдап кетүү; деңиз каракчылыгы; жер үстүндөгү транспортту басып алуу;
- алдамчылык жол менен камсыздандыруу; компьютердик кылмыштуулук;
- экологиялык кылмыштуулук; адамдарды сатуу; адам органдары менен соода жүргүзүү;
- баңги заттарды мыйзамсыз сатуу; жалган банкроттук; мыйзамсыз бизнес жүргүзүү;
- шайлануучу коомдук жана партиялык ишмер адамдарды сатып алуудагы коррупция.

Ошону менен бирге алардын ар бирин кыйла кеңири түрдө карап көрүүгө болот.

1.*Кылмыш жолу менен алынган акчаларды легалдаштыруу ("кирешелердин изин жашыруу»).* Акчанын "изин жашыруу" термини (money laundering) биринчи жолу легалдык жагдайда алынган акчаларды, алынган кирешелерге карата баңги жана легалдык эмес жана мыйзамсыз түрдө өзгөртүү процессин туюнтулушуна карата АКШда 80-жылдары пайдаланылган. Бул түшүнүк көптөгөн аныктамаларды сунуш кылды.

1984-жылы трансулуттук кылмыштуулук боюнча АКШнын Президенттик комиссиясы төмөнкүдөй баяндамасын колдонгон: "Акчалардын изин жашыруу - процесси, кирешелерин олуттуу түрдө мыйзамсыз келип чыккандыгын жашыруу аркылуу же мыйзамсыз пайдалануу жана мындай кирешелерди кийинчерээк мыйзамдуу өндүрүлгөн сыяктуу кылышып байкалбагандай түрдө изин жашырышат».

Эл аралык укуктагы кирешелерден түшкөн кылмыштуу аракетин ("изин жашыруу") легалдаштырууга карата берилген аныктама, батыш өлкөлөрүнүн тийиштүү мыйзамдарын өнүктүрүүгө зор таасирин тийгизген, баңги каражаттарын жана акылэске таасир берүүчү заттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү жөнүндөгү БУУнун Вена конвенциясында [6] берилген.

БУУнун Вена Конвенциясы 1988-жылдан тартып баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүүдөн алынган акчаларды, акчалардын изин жашыруучу кылмыш деп тапкан, бирок, уюшкан кылмыштуулуктун өсүшүнө, кылмыштуу иштердин башка чөйрөлөрдөгү (эмгекти сатуу, сойкулук, адам органдарын соодалоо, мыйзамсыз соода жүргүзүү, курал-жарактарды сатуу, опузалап талап кылуу, радиоактивдүү заттарды жана башка өзгөчө кооптуу заттарды жашыруун жайгаштыруу ж. б.) кылмыштуу уюмдардын алынуучу кирешелеринин өсүшүнө алып келген. Бул кирешенин бир бөлүгү да легалдуу экономикага легалдаштырылган.

"Кылмыштуу ишмердүүлүктөн түшкөн кирешелерди алып коюу менен конфискациялоо жана изин жашырууну аныктоо жөнүндөгү" № 141 Европа Кеңешинин Конвенциясы 1990-жылдын 8-ноябрында акчалардын изин жашыруу менен байланышкан, баңги заттардан алынгандарды гана эмес, кылмыштуу иштердин башка түрлөрүндөгү кылмыш аракеттерин тапкан [7] .

Конвенциянын 6-беренеси каражаттарды адалдоого байланыштуу укук бузуулардын тизмесин аныктайт. Айрым өлкөлөрдүн мыйзамдарындагы айырмачылык баарынан мурда, мыйзамдаштырылган каражаттардын келип чыгуу булагы болуп саналган жосундардын тизмесин аныктоого байланыштуу болгон.

Кээ бир өлкөлөрдүн мыйзамдарындагы кир акчаларды аныктоо торуна ар кандай кылмыш-жаза укугун бузуу менен коштолгон баардык кирешелери; оор кылмыш бузуулардын натыйжасында алынган кээ бир гана кирешелери; үчүнчү өлкөлөрдөгү жарандык жана административдик укук бузуулар менен да байланышкан кирешелер кармалган. Бир катар өлкөлөрдө кир акча категориясына пара түрүндө алынган акчалар да кошулат (коррупция).

Мисалы, кылмыштуу (изин жашыруу) жол менен алынган кирешелерди Кыргыз Республикасынын [8] мыйзамдары аркылу легализациялоо (же мыйзамдаштыруу) - деп Кыргызстандын УКсында каралган (22-гл."Экономикалык ишмердүүлүктүн кылмыш чөйрөсүндөгү", 183-б. "Мыйзамсыз жол менен алынган акча каражаттарын же башка мүлктү мыйзамдаштыруу") кандайдыр бир кылмыш жасоонун натыйжасында, акча каражаттарын пайдалануу же тескөө, же башка мүлккө ээлик кылуу менен алынгандарга карата колдонулган укук ченемдүүлүгү түшүнүрүлөт.

Терроризмди каржылоого тиешелүү маселесине карата каршы аракеттенүү жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди (изин жашыруу) легализациялоого байланыштуу 2006-жылы "Терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди (изин жашыруу) легализациялоо жөнүндөгү" мыйзам кабыл алынган.

2010-жылы Кыргыз Өкмөтү "Терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди (изин жашыруу) легализациялоо жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүдөгү" токтом кабыл алган.

Мисалы, "2010-жылдын 27-августундагы Бишкек шаарынын райондор аралык сотунда өткөн отурумдун жыйынтыгы боюнча, ОАО "Азия универсал банкын" реконструктуризациялоо ыкмасына байланыштуу атайын администртивдик процедурасын баштоо боюнча КРнын Улуттук банк тарабынан канааттандыруу жөнүндөгү арызынан банкка карата мыйзамсыз түрдө акча агымдарынын изин жашырууга карата козголгон кылмыш ишине байланыштуу соттук ишин кароодон баш тартылган [9].

Мисалы, баңги бизнесинин кирешеси мыйзамсыз түрдө жүргүзүлгөн соода - сатык иштери: курал-жарак, сойкулук, адамдарды соодалоо жана ж.б. каражаттар аркылуу алынышы мүмкүн. Бирок, изин жашыруу сыяктуу алынган кир акчанын көп бөлүгү мамлекеттин чегинен сырткары алынган өлкөлөрдө жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызыктар органдарынын макулдашылган иш-аракеттерин камсыз кылуу максатындагы маселелер аркылуу терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) ылайык кылмыш жолу аркылуу алынган (изин жашыруу) кирешелерди легализациялоодогу кылмыш жолуна каршы аракеттенүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 28-майындагы № 324 - токтому менен Комиссия түзүлгөн [10].

Ошол эле кылмыштуу кирешелердин легализациялоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча 2012-жылы Евразия тобу жөнүндөгү Макулдашуу ратификацияланган жана терроризмди (экстремизмди) каржылоо иштерине каршы аракеттенүү маселелери, кылмыш жолу (изин жашыруу) менен алынган кирешелерди легализациялоо боюнча Премьер-министр башында турган Өкмөттүк комиссия түзүлгөн, комиссия жөнүндөгү Жобо бекитилген, ошондой эле, коррупцияга каршы мыйзамдардын пакети кабыл алынган. Бул Комиссиянын биринчи жыйналышында Дүйнөлүк банк жана БУУнун КББсынын - "StAR (Stolen Asset Recovery - Уурдалган активдерди кайра кайтаруу) биргелешкен демилгесинин көмөгү менен активдерди кайтарып алуу боюнча, керектүү чараларды кабыл алуу жөнүндөгү чечим кабыл алынган.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы менен биргеликте Финансылык чалгындоо кызматы тарабынан иштелип чыккан каттардын

долбоорлору жөнүндө өтүнүч менен техникалык жардам көрсөтүү демилгесинин алкагында "StAR" экинчи Дүйнөлүк банк, БУУ КББ (УНП ООН) жана активдерди кайтарып алуу боюнча "International Centre for Asset Recovery (icar сатуу)" Эл аралык борбору ар кандай иш чараларды алып барышкан. Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөнү өркүндөтүү максатында, прокуратура органдары тарабынан тийиштүү иштер жүргүзүлгөн. ФЧМК (ГСФР) чындыгында эле ыйгарым укуктуу орган болуп саналат жана акчанын изин жашырууга карата шектенүүлөр орун алса, ведомстволук материалдарды укук коргоо органдарына бере алат:

- *Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 183-беренесине ылайык ("Кылмыштуу кирешелерди (изин жашыруу) легализациялоо») тергөө амалы экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү, баңги заттарын көзөмөлдөө боюнча, улуттук коопсуздук жана ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт.*

Кыргызстандын Ички иштер министрлигиндеги башкы 5-башкармалыгы тарабынан 2015-жылдан 2016-жылга чейин КРнын ЖКсынын 183-беренеси боюнча беш кылмыш иши козголгон [11].

Муну менен бирге эле активдерди натыйжалуу кайтарып алууга тоскоолдук кылган маселелер да бар, атап айтканда:

1. Банктык махинация (алдамчылыгы) боюнча кылмыш иштерин иликтөөнүн татаалдыгы.
2. Активдерди кайтаруу тармагындагы укук коргоо органдарынын жана сот системасынын кадрларынын даярдыктарынын жетишсиздиги.
3. Активдерди кайтаруудагы тиешелүү деңгээлдеги тажрыйбанын жоктугу.
4. Активдерди кайтаруу тартибин жана негиздерин жөнгө салуучу кылмыш-жаза жана жазык-процесстик мыйзамдардын жетик эместиги.
5. Банктык сырды түзгөн маалыматтарга, декларациялардагы чагылдырылган маалыматтарга, мамлекеттик кызматчыларга, ошондой эле, салык жана бажы органдарындагы маалыматтарга карата жетүү жолунун жоктугу.

Туруктуу негизде текшерүү, терроризмди каржылоого жана легализациялоого (изин жашыруу) кылмыш жолу менен алынган кирешелерге каршы аракеттенүү жөнүндөгү, акча каражаттарын же башка мүлктү жана мыйзам талап кылган кызмат адамдары тарабынан жүргүзүлүүчү операцияларга контроль жүргүзүүнү аткаруу мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлөт.

Башкы прокуратура Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясы" жөнүндөгү жарлыгын аткаруу боюнча, КРнын Коргоо кеңешинин "Коомдогу коррупциялык көрүнүштөргө каршы туруу чаралары жөнүндөгү" чечими тууралуу мамлекетибиздин аракеттенүү иш-чаралардын планы иштелип чыккан.

Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, кылмыш жолу менен алынган кирешелерди (изин жашыруунун) легализациялоонун көбөйүү тенденциясы дүйнө жүзү боюнча байкалат. Эл аралык валюта фондунун маалыматы боюнча, жыл сайын дүйнөдөгү "кир" акча каражаттары тууралуу ар кандай каржы системаларындагы кайрылгандырдын суммасы 590 млрд. доллардан 1,5 трлнго чейинки АКШ долларын түзөт, дүйнө жүзү боюнча бардык өлкөлөрдө продуктуларынын 2-5% барабар болот [12].

Трансулуттук кылмыштуу топтордун "кара" акчаларды айландыруусунунун өсүшүнө жараша, алардын саны да өсүүдө. Алардын "изин жашыруусу" узак жылдан кылмыштуу бизнестин өз алдынча бир түрү болуп калды. Ар кайсы өлкөлөрдүн мыйзам чыгаруучулары менен укук коргоочулары "кир акчага" карата канчалык күчтүү басым жасашса да, андай «кир акчалардын изин жашыргандар» кимдер болсо да, ошолор, андан да көбүрөөк табышууда.

Бүткүл дүйнөлүк электрондук төлөмдөр системасын өнүктүрүү алардын жашоосун жеңилдетет. Өлкөдө акча которуулардын узун тизмегинин артында алынган сумманын

чыныгы булагын байкаш кыйын. Салттуу ыкмалар, алардан кем эмес турдө активдүү пайдаланылат: Чыгыш жана Борбордук Европа өлкөлөрүндөгү көптөгөн казинолор жана укмуштуу ресторандар, сейрек кардарлар үчүн ачыктан-ачык артыкча, бирок, бул каржылык отчеттуулуктун маалыматы боюнча, уюштуруучуларына бир кыйла көбүрөөк пайда берет.

XXI кылымдын башындагы трансулуттук кылмыштуулук жана анын эң коркунучтуу түрлөрү — терроризм, баңгилик бизнес, деңиз каракчылыгы, курал-жарак сатуу соодасы, тынч мезгилдеги адекваттуу формаларын түзүү зарылдыгын шарттайт жана эл аралык укуктук-кызматташтык боюнча ыкмаларын, алдын алуу жана эл аралык-укуктук, саясий, каржылык, аскердик жана экономикалык механизмдерин боюнча алардын үстүнөн көзөмөлдөөчү актыларын иштеп чыгат. Трансулуттук кылмыштуулук катары күнүмдүк эл аралык баарлашуудагы адамзаттын психологиялык жана иш жүзүндөгү кемчиликтерди туудурат.

Терроризм – адамдарга же уюмдарга карата колдонуу коркунучтуу зомбулук, ошондой эле, саясий жана экономикалык максаттарга мыйзамсыз жолдор менен жетүүгө аракет жасоо. Терроризмдин негизги максаты – кандайдыр бир чакырыкка же болбосо саясий келишпөөчүлүккө коомдун көңүлүн буруу, башкача айтканда, саясий бийликке таасир көрсөтүү жана коомду коркутуу. Учурда, терроризмдин стратегиясы өнүккөн доорго жана социо-экономикалык түзүлүшкө жараша бир топ өнүгүп, улам барган сайын кеңири аймакты камтууга умтулууда.

Дүйнөнүн бүгүнкү күндөгү бет алган багыты экономикалык жана саясий кызыкчылыктарды тирештирип, таасир талаштырып турат. Ошондон улам, «бөлүп ал да башкара бер» же болбосо «өзүңдүн кызыкчылыгыңа зыяны тийбегидей төмөн деңгээлде карма» деген позицияны карманган айрым блоктордун же болбосо ири державалардын диний, этникалык, расалык багыттагы ар түрдүү маселелерди, социоэкономикалык жакырчылыкты терроризмге жем катары пайдаланганын көрүүгө болот. Мындай нерсе абалды табийгый жана жасалма жол менен чыңалтып, терроризмдин жаралуусуна себеп жаратат [13]. Бүгүнкү күндө көптөгөн адистер 70-жылдардан бери жүз кылым өтсө да өзүнүн масштабдары боюнча, эл аралык терроризм салыштырмалуу өнүктүрүү мезгилин башынан кечирип келе жаткандыгы тууралу айтышууда.

Белгилүү болгон Аль-Каида - бир эң ири ультрарадикалдык исламдык эл аралык террористтик уюмдар, Советтик аскерлер менен согушкан, бүгүнкү күндө иштеп жаткан Афганистандагы моджахед жана талибан топторунун негизинде түзүлгөнү жашыруун эмес. Дүйнөдөгү геосаясий абал өзгөргөндөн кийин Аль-Каида түздөн-түз АКШга, "батыш дүйнөсүндөгү" өлкөлөргө жана ислам мамлекеттериндеги алардын тарапташтарына каршы күрөшүүнү өз максаты катары койгон. Көпчүлүк учурларда террористтик ишмердүүлүгү акчаларды - 95% террористтерден алууну болжолдобостон, Интерполдон алган маалыматтар боюнча, баарыдан мурда, саясий же диний мүнөздөгү максатты көздөйт.

Убакытка жараша, түпкү максаты пайда алуу же кандайдыр бир өлкөдөгү же аймактагы саясий кырдаалды алмаштыруу болуп саналган, өтө так пландаштырылган террордук атакаларды ишке ашыруу болот. Адатта, мындай учурларда, террористтер жөн гана жалдап жатышат.

Бүгүнкү күндөгү БУУнун эксперттери биринчи кезекте, адамзатты жок кылуучу, ар кандай илим аркылуу түзүлгөн - жарып жиберүүчү материалдарды, химиялык жана биологиялык ок-дарыларды, ууларды, заманбап кужүрмөн техника сыяктуу каражаттардын, террористтердин колуна түшүү мүмкүнчүлүгү өтө тынчсызданууга чакырарын белгилешет.

Дээрлик тигил же бул террордук актылар канча курмандыктарды алып келери ар дайым так белгилүү болсо да, бирок, ошол эле учурда терроризм ар кандай уюмдардын жана айрым мамлекеттердин экономикасына кандай зыян келтирерин санап чыгуу өтө кыйын.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда соттор тарабынан 20 уюм террористтик уюм деп таанылган. Кыргызстанда террористтик уюмдардын бирдиктүү тизмеси түзүлөт. КРнын мурдагы Президенти "терроризмге каршы аракеттенүү тууралуу" мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамга кол койгон [14]. Бул мыйзамдын максаты жаштарга карата радикалдуу экстремисттик идеологияга каршы туруу, ошондой эле,

Кыргызстандын мамлекеттик мекемелер тарабынан террористтик деп таанылган уюмдар жөнүндө жарандарга өз убагында маалымдоо болуп саналат.

*Искусство чыгармаларын жана маданият предметтерин уурдоо.* К.М.Осмоналиев жана Т.А.Жумабекова: «Чыгармачылык эркиндиги рухий эркиндиктин эң маанилүүсү»- деп өз пикирин билдирген[15].

Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн - негизги багыттардын бири кылмыштуулук менен күрөшүү, эл аралык кызматташуу аркылуу камсыз кылынат.

***Пайдаланылган адабияттар:***

1. Конвенция ООН против транснациональной организованной преступности. Принята резолюцией Ген.Ассамблеи от 15 ноября 2000г. // Международноправовые основы борьбы с коррупцией и отмыванием преступных доходов: Сб.документов.Сост. В.С.Овчинский.-М.: ИНФРА-М,2004.-С.7.
2. Репецкая А.Л. Организованная преступность. Теневая экономика. Криминальный рынок России. – М.: Юрлитинформ, 2010. – С.51.
3. Урматова А.Д. Интернационализация языков./ Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №2,2017.-ст.113
4. Токпаева Д.М. Транснациональная преступность: понятие и структура. – М.: МГУ, 2012.
5. Алексеев С.И. Транснациональная организованная преступность: дефиниции и реальность. – М.: Юристъ, 2013.-С.112.
6. Конвенция Организации Объединенных Наций о борьбе против незаконного оборота наркотических средств и психотропных веществ" (заключена в г.Вене 20.12.1988).
7. Конвенция об отмывании, выявлении, изъятии и конфискации доходов от преступной деятельности ETS N 141 (Страсбург, 8 ноября 1990 г.)
8. Уголовный кодекс Кыргызской Республики от 1января 1998г. (по сост. на 1 янв. 2017г.)
9. Официальный сайт НБ КР. - Режим доступа. - http://aub.kg/news/september_report/.
10. О вопросах Государственной службы финансовой разведки при Правительстве КР/ Постановление Правительства КР от 28 мая 2012 года № 324 (в посл.ред. от 18.05.2016 г. №264).
11. Власти Кыргызстана фактически не отслеживают отмывание средств в оффшорах.- Режим доступа.- https://rus.azattyk.org/a/27776459.html.
12. Цепелев В.Ф. Международное сотрудничество в борьбе с преступностью. - М., 2006.-С.126.
13. Методическое пособие «Предупреждение и порядок действий при угрозе террористического акта». -Самарский госунив, 2014.- Режим доступа.- http://www.ssau.ru/info/korantiter/antiterror.
14. В Кыргызстане будет создан единый список террористических организаций. Режим доступа: http://russian.people.com.cn/.
15. Осмоналиев К.М.,.Жумабекова Т.А: Чыгармачылык эркиндиги рухий эркиндиктин эн маанилүүсү // Кыргыз Республикасынын Конституциясына илимий-практикалык комментарийи.-Бишкек:«Алтын тамга, 2018г. 118б.
16. Бекряшев А.К., Белозеров И.П. Теневая экономика и экономическая преступность: Электронный учебник. –Омск,2000. -Режим доступа:
ttp://newasp.omskreg.ru/bekryash/ ch1p11.htm.

***Рецензент: Токтобаев Б.Т.*** *- Ж.Баласагын атындагы КУУнун юридикалык факультетинин мамлекеттин теориясынын тарыхы жана укугу кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору, профессор*